**Ош мамлекеттик университетинин студенттерин окуу-таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикадан өткөрүү боюнча**

# КЕЛИШИМ

Ош шаары "30" 05 2025ж.

Биз, төмөндөгү кол коюучулар, Ош Мамлекеттик университетинин ректору, профессор К. Г. Кожобеков мындан ары "ОшМУ", жана №48. М. Таиров ат. ор. мек. жетекчиси Курбаналиева Камиса менен биргеликте ОшМУнун Уставынын негизинде практикаларды уюштуруп өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

**1. "ОшМУ" милдеттенет:**

1.1 Студенттердин теориялык билимин практикада айкалыштырууда жана кесиптик компетенцияга калыптандыруу боюнча жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн планын, графигин, жумушчу программасын сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2 Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3 Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын ваканциядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4 Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын уюштуруп өткөрөт жана ага мекеме ишкананын кызматкерлерин чакырат.

**2. "Ишкана" милдеттери:**

2.1 Ош МУнун Математика жана информациялык технологиялар факультетинин КМИ адистигинин студенттерине окуу-таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикаларынан өтүү үчүн календардык планга ылайык орун берет;

2.2 Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрөт;

2.3 Практиканын программасына ылайык студентти керектүү документация менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4 Факультет менен илимий усулдук иштерди аткарат;

2.5 Студенттерди практикада кесиптик компетенцияга калыптандырууда, өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.6 Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдарын, эмгекте коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.7 Практиканын аягында ар бир студентин аткарган жумушунун жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.8 Өндүрүш студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жоопту;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү "30" 05 2025-жылдан "30" 05 2030-жылга чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "Ишканада" сакталат.

| | |
|---|---|
| Ош Мамлекеттик Университети | Тараптардын дареги |
| 714000 Ош шаары Ленин көч. 331 | №48. М. Таиров |
| ИНН 02071996110017 | ат.идагы орто мектеп |
| ОшМУ ректору профессор К. Г. Кожобеков | |
| [signature] | Курбаналиева Камиса |